КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТИРЛИГИ
НАРЫН ОБЛУСТУК ИЧКИ
ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ
ЖУМГАЛ РАЙОНДУК
ИЧКИ ИШТЕР БОЛУМУ

*Жумгал району, Чаек айылы,*
*Э.Матыев кочосу 101.*
*Тел/факс 0(3536) 23-4-59*

МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
НАРЫНСКОЙ ОБЛАСТИ
ОТДЕЛ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
ЖУМГАЛЬСКОГО РАЙОНА

*Жумгалский район, с.Чаек,*
*ул.Э.Матыева 101*
*Тел/Факс 0 (3536) 23-4-59*

23. 11. 21 №4/ 5043
________________№__________катка

№32 Кочкор округтук шайлоо
комиссиясынын торагасы-ыкчам
чара коруу тобунун торагасы
**Т.Тилемишовго**

# МААЛЫМАТ

2021-жылдын 21-ноябрь куну "Facebook" социалдык тармагынын "Жумгалдыктар" аттуу группасында "Султан Нурболотов" аттуу колдонуучу (оздугу тактала элек) 2021-жылдын 21-ноябрь куну саат 18:41 мин чамасында "Д.Ниязалиева (Кочкор-Жумгал-Ак-Талаа бир мандаттуу округу боюнча талапкер) Жумгал районун Чаек айылында 3 км (РЭСтен Т.Турсунбаева атындагы мектепке чейинки жолун) топурак, шагыл тогуп ондоо, тустоо иштерин жургузуп жатат. Бийлик эмнени карап жатат, бул бирден бир подкуп голосовго дейм. Макул, жол жасаганы жакшы, бирок иштеген кишилердин акысын толоп койсо болмок. Камаз айдаган Талант, Бакыт деген байкелер журушот, акчасын ала албай"- деген макала жарыялаган.

Бул маалымат Жумгал РИИБнун автоматташтырылган МЭЖне 02-023-2021-001058 сандуу болуп катоого алынып, жеринен текшеруу учун Жумгал РИИБнун начальниктин сотко чейинки ондуруш иштери боюнча орун басары милициянын подполковниги Н.Асеков , начальниктин орун басары милициянын подполковниги Р.Жунусалиев, Нарын ОИИБнын ички иликтоо болумчосунун ыйгарымдуу опер кызматкери милициянын подполковниги К.Асанбаев жана Жумгал РИИБнун документтештируу тобу окуя болгон жерге барган учурда (РЭСтен Т.Турсунбаева атындагы мектепке чейинки) жолго топурак, кум тогулуп жана ошондой эле тузотулгону аныкталган.

Бул факт боюнча текшерууда томондогулор аныкталган: Жумгал району Чаек айылы [redacted] кочосу [redacted]-уйунун тургуну [redacted]-жылы туулган Ильясов А[redacted] М[redacted] демилгеси менен 2021-жылдын сентябрь айынын аяк ченинде Жумгал районунун РЭСтен Т.Турсунбаева мектебине чейин М.Алыбаев-М.Рыскулов кочолоруно болжол менен 3 км аралыка кум тогушкон. Бул демилге менен барып чогуу кум ташып иштеген жаштар Жумгал району Чаек айылынын тургундары [redacted] Жумбек уулу С[redacted] , [redacted]-ж.т. Жолдошбек уулу А[redacted], [redacted]-ж.т. Омурбек уулу М[redacted] дагы Ильясов А[redacted] демилгеси менен чогулуп кум тогушконун билдиришип тушунук беришкен

Окуяга тиешеси бар жаран, тактап айтканда макалада аты аталган КаМаз улгусундогу оор жук ташуучу автоунаасын айдоочусу Жумгал районунун Байзак айылынын тургуну [redacted]-жылы туулган Курманалиев Т[redacted] М[redacted] озунун тушунугундо Ильясов А[redacted] М[redacted] Камаз автоунаасы менен Чаек айылынын кочосуно кум тогуп жардам берип кой дегенинен жардам бергенин 3000 сом акча алганын ,бул жерде шайлоо боюнча эч кандай соз болбогонун жана эч кандай аласа бересеси жок экенин билдирип тушунук берген.

Ошондой эле берилген маалыматтардын негизинде Жумгал районунун Чаек айылынын О.Карагулов кочосунун №33-уйундо каттоодо турган 17.06.1990-жылы туулган Ильясов А[redacted] М[redacted] камсыз кылуу боюнча тийиштуу кызматтарга тергоо тапшырма берилип, бирок анын жубайы Жумгал районунун Чаек айылынын [redacted] кочосунун №[redacted]уйунун тургуну [redacted]-жылы туулган Кадыбаева Н[redacted] жолдошум Ильясов А[redacted] М[redacted] беш маал намаз окугандыктан 2-ноябрь 2021-жыл куну 4 айлык дааватка чет мамлекетке чыгып кеткен деп оз тушунугундо корсоткон.

Ильясов А[redacted] М[redacted] жургон жерин аныктоо максатында тийиштуу иш чараларды жургузуудо жана ошондой эле Кыргыз Республикасынын чек ара кызматынан текшерген учурда А.Ильясов 4.11.2021-жыл куну Бириккен Араб эмиратынын Шарджа шаарына чыгып кеткендиги аныкталган.

Ал эми аталган жол Жумгал районунун Чаек айыл окмотуно караштуу болгондуктан маалымат алууда Чаек айыл окмоту тарабынан 22.11.2021-жылы №1874 чыгыш сандуу кызматтык каты жиберилип, анда Чаек айылынын жаштарынын атынан Чаек айылынын тургуну Ильиясов А[redacted] айыл окмотуно кайрылып, 2021-жылдын сентябрь айында А.Илиясов жогоруда корсотулгон жолдорду шагыл токтуруп, тузоткондугу корсотулуп жана бул боюнча шайлоого тиешси жок экени боюнча билдируу келип тушкон.

Ошондой эле Жумгал районунун №24-жол тейлоо мекемеси тараптан Жумгал районунун РЭСтен Т.Турсунбаева мектебине чейин М.Алыбаев-М.Рыскулов кочолоруно болжол менен 3 км аралыктагы жолго куш, топурак тогулуп, оңдоо иштери жургузулбогондугу аныкталган.

Ошол себептен топтолгон материалда кылмыштын жана жоруктун курамынын белгилери аныкталбагандыктан 23.11.2021-жыл куну Жумгал РИИБнун номенкалтуралык делосуна чыгышталган.

Начальник
милициянын полковниги — У.Коноев